- конкурсту өткөрүү жөнүндө маалыматтык кабардын текстин даярдайт, өзүнүн расмий интернет-сайтында жайгаштырат жана аны жалпыга маалымат басма каражаттарында басып чыгаруу жана расмий сайттарга (бар болсо) жайгаштыруу үчүн баланс кармоочуга жөнөтөт.

38. Конкурс өткөрүү жөнүндө маалыматтык кабар төмөнкү маалыматтарды камтуусу керек:

- баланс кармоочунун аталышын;
- ижаралык объектинин аталышын, жайгашкан жерин жана дайындалышын;
- ижаралык объектинин аянтын жана техникалык абалын;
- арыздарды жана конкурстук сунуштарды кабыл алуу жерин, датасын, убакытын;
- шертпулдун суммасын жана төгүү мөөнөтүн, ошондой эле ал которула турган эсептин реквизиттерин;
- ижаранын минималдуу өлчөмүн жана мөөнөтүн;
- конкурстун катышуучуларына карата талаптарды жана конкурстук шарттарды;
- конкурска катышуу үчүн талапкерлер бере турган документтердин тизмегин;
- арыздар жана конкурстук сунуштар салынган конверттерди ачуу, аларды кароо жана конкурстун жыйынтыктарын чыгаруу, ордун, датасын жана убакытын.

39. Ижара келишимин түзүү укугуна карата конкурс комиссия тарабынан жүргүзүлөт, ага төмөнкү маселелер жүктөлөт:

- конкурска катышууга карата келип түшкөн арыздарды каттоо жана кароо;
- конкурска катышууга талапкерлерди киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу;
- конкурстук сунуштарды кароо жана баалоо;
- конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо;
- конкурс өткөрүлдү же өткөрүлгөн жок деп таануу;
- конкурстун жыйынтыктары жөнүндө протокол түзүү.

40. Эгерде баланс кармоочунун өзү же башка муниципалдык уюмдар тарабынан ижара келишимин түзүү укугуна конкурс жарыяланган муниципалдык мүлккө карата пайдалануу зарылчылыгы пайда болсо, ыйгарым укуктуу орган тоорук жүргүзүүдөн баш тартат.

Тоoруктарды жүргүзүү жөнүндө маалыматтык кабарда башкасы каралбаса, аны өткөрө турган күндөн үч күн мурда, андан кечиктирбестен конкурска катышуучу талапкерлерге ал тууралуу жазуу түрүндө билдирүү аркылуу ыйгарым укуктуу орган же баланс кармоочу каалаган убакта конкурстан баш тартууга укуктуу.

Ыйгарым укуктуу орган аукцион жүргүзүүдөн баш тартса, талапкер койгон шертпулдун суммасы он банктык күндүн ичинде кайтарылууга тийиш.

Арыздарды кабыл алуу аяктаганга чейин, үч күн мурда, андан кем эмес мөөнөттө, талапкер катталган билдирүүсүн комиссияга жазуу түрүндө билдирүү жолу менен кайра чакырып алууга укуктуу.

Талапкер, катталган арызын кайра чакырып алса, талапкер койгон шертпулдун суммасы он банктык күндүн ичинде кайтарылууга тийиш.

41. Жобонун 2-тиркемесинде келтирилген форма боюнча конкурска катышууга билдирүү, ушул билдирүү берилип жаткан конкурстун аталышы көрсөтүлгөн, чапталган конверт жазуу түрүндө комиссияга берилет. Талапкерлер төмөнкү документтерди да беришет:

- конкурстун шарттарын аткаруу жана ижаралык акынын өлчөмү боюнча сунуштар;